6

3066

Закиров С

# Кожожаш

эпосу

ПАПКА
БУМАГ

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 3066
март 1959 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



## Поэманын чыгыш доору жана идеялык багыты

Элдин оозеки адабиятында эпостор окуянын баяндашынын татаалдыгы же жөнөкөйлүгүнө жана көлөмүнүн ордуна карай чоң жана кенже эпостор деп экиге бөлүнөт. Ал эми алардагы окуялардын алынышына, мазмундук өзгөчөлүгүнө карай баатырдык жана социалдык-турмуштук эпостор деп аталат. Кыргыз элинин социалдык-турмуштук эпосторунун ичинде "Кожожаш" көрүнүктүү орунду ээлеп турат. "Кожожаш" поэмасы элде ыр түрүндө да кара сөз түрүндө да айтылып келген. Муну "Кожожаштын" бир варианты айткан Сулайман Конокбаевдин эскерүүсү да далилдейт.[1] "Кожожаш" поэмасын эл оозунан биринчи жолу Каюм Мифтахов 1923 ~~үнчү~~ жылы жазып алган. Мифтахов жазып алган Конокбаевдин варианты менен Алыкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча жазылып, 1938 ~~инчи~~ жылы китеп болуп басылып чыккан "Кожожаштын" вариантынын ортосунда окуянын алынышы жагынан кескин айырма жок. Бирок, окуяны берүү жагынан кескин айырма бар. Бул варианттарды салыштыруу белгилүү даражада бизге поэманын алгачкы нускасын табууга жардам берет. Сулайман Конокбаевдин эскертүүсүнө караганда "Кожожашты" атасынан жаш кезегинде угуп унутуп калган. Кийин эс тарткандан кийин гана Таластык ырчы Эсенамандан үйрөнгөн /1910 ж/. Ошону менен

---

1. Кыр. ССР Илимдер Академиясы коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 808.

бирге Сулайман эл акыны Алымкул Үсөнбаев менен төрт жыл бирге жүрүп көп ыр үйрөнгөнүн да айтат.[1] Бул айтканга караганда Сулайман "Кожожашты" А. Үсөнбаевден да угушу мүмкүн /же тескерисинче/. Демек, А . Үсөнбаевдин варианты менен С. Конокбаевдин вариантындагы сюжеттик окшоштук закондуу нерсе. Ал эми окуяны берүүдөгү айырма бкздин оюбузча төмөндөгүдөй негизден келип чыгат: кыргыздын кенже эпосторунда синтетикалык форма күчүн жоготуп жиберген. Ошондуктан, айтуучу белгилүү форманы, интонацияны сактабастан, өзүнүн стилдик өзгөчөлүгүнө багындырган. Бул стилдик айырма С. Конакбаевде жомоктук сүрөттөөлөрдүн негизинде түзүлсө, А. Үсөнбаевде реалисттик стилге айкалышат.

Поэманын эки башка сүрөттөө менен өнүктүрүү анын сюжеттик өзөгүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Сулаймандын вариантында фантастикалык учур, мифологиялык элементтер поэманын кордонунда турат. Кожожаш адамдан ашкан алп, саадагы-жарты өгүз териси, майлыгы жарты өгүз териси, зорго чыккан таманы", аткан кийиги сан миңге /жүз миң/ жетет. Зулайха пери кызы, сур эчки миң улактуу. Поэмадан мындай эпикалык сүрөттөөлөрдү көрүп туруп "...Үсөнбаев менен Конокбаевдин варианттары окуяны баяндоо, поэманын сюжетин өнүктүрүү жагынан бири-биринен көп айырмалана бербейт"[2] - деген корутундуга келүү адилетсиздик

---

1. Көрсөтүлгөн фондуда, инв. № 808
2. Д. Сулайманов. "Кыргыз элинин социалдык-турмуштук поэмалары жөнүндө", Тил жана Адабият институтунун эмгектери, VIII чыгышы. Фрунзе - 1957 ж.

болор эле. Үсөнбаевдин вариантында поэманын башкы каармандары турмуштук адамдар. Укмуштуу сүреттөөлөр мында жок. Айрым гана жерлерде поэманын негизин жоготпос үчүн тамак ичпей эс албай айлап, жылдап Кожожаштын сур эчкини кууганы сүреттөлөт.

"Кожожаш" поэмасындагы фантастикалык учур, мифологиялык түшүнүктөр анын алгачкы нускасына таандык болушу мүмкүн.

1949 жылы Ысык-Көлдөн Төлөмүш Жээнтаевден "Кожожаштын" үчүнчү варианты жазылып алынган. Жээнтаевдин варианты Конокбаевдин, Үсөнбаевдин вариантынан композициялык түзүлүшү боюнча, окуянын өтүшү жана бүтүшү, орду жагынан айырмаланып турат. Ошондой болсо да поэманын негизги өзөгү бир. Бирок, өзөгү бир поэмалардын баары эле идеялык деңгээли жагынан, көркөмдүк, өзгөчөлүгү жагынан бирдей даражада болбойт. Анткени, элдик оозеки чыгармаларда "даярданган ыр" майда чыгармаларда гана болушу мүмкүн. Ал эми көлөмдүү чыгармалар жөнүндө академик В. В. Радловдун пикири чындыкка дал келет. "Акын пассивдүү түрдө угуу менен гана үйрөнөт,- - дейт ал, - ал өзүнө таяныч ырларды ырдабайт, анткени, дегеле чыныгы эпосто даяр ырлар болбойт, даяр сюжеттер болот, мына ошолор гана сүреттөлөт, баяндалат".[1] Ушул эле ойду В.В. Виноградов да жактайт: "Кенже эпосту айтуучу акын поэманын мазмунун, анын драматургиялык өсүшүн, схемасын, анын образдарын жана мүнөздөрүн билет, трагедиялык башталышын

1. В. В. Радлов. "Образцы народной литературы северных тюркских племен" 1885 г, часть У, стр. 19.

жана аякташын, элестүү жалпы жерлерин, параллелизмдердин келишин эске тутат." [1] Дал ушул "даяр ырдын" болбогондугунан бир эле эпостун бир канча варианты келип чыгат. Мисалы, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн фондусунда "Олжобай менен Кишимжандын" эки варианты, "Кедейхандын" эки варианты, "Курманбектин" эки варианты, "Эр Табылдынын" эки варианты, "Төштүктүн" үч варианты, "Манастын" он үч варианты, "Кожожаштын" үч варианты бар. Бул фактылар элдик оозеки чыгармада китептикине окшош туруктуу тексттердин болбой турганын аныктайт. Демек, элдик оозеки чыгармалар улам кийинки турмуштун жагдайына жараша, айтуучунун акыл-деңгээлине, көз карашына жараша улам кошумчаларга туушар болуп отурат.

"Кожожаш" поэмасынын алгачкы нускасын, чыккан доорун айрым адабиятчылар "Кожожашты" укмуштуу же кереметтүү жөө жомоктордон өсүп чыккан, алгачкы үлгүсүн байыркы эл коллективдешип жашап, аңчылык менен күн көргөн доорлордон бери баштаган чыгарма деп болжолдоого мүмкүн" [2] деп жүрүшөт. Мындагы негизги факт: "биринчиден - чыгармада негизги окуянын мергенчилик жөнүндө болушу жана бардык кесиптерден мергенчилик жогору коюлушу, экинчиден - Кожожаштын бир айыл туугандарын бүт кийиктин эти менен багышы" [3] жана буга кошумча катары "чыгарманын ыр түзүлүшү белгилүү бир эрежеге баянган эмес. Анын ырларынан 7-8-9

1. В. Виноградов, "Токтогул Сатылганов и киргизские акыны", М-Л., 1952 г., стр. 88
2. С. Мусаев, Ж. Таштемиров "Кыргыз адабияты" 8 кл. үчүн окуу китеби, 1954 ж., 159 бет.
3. Ошонун өзүндө, 159-166 беттер.